**УДК: 804**

***Турдубек кызы М., Шаршенбаева Б.***

*Турдубек кызы Медина – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Шаршенбаева Б. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН ЫРЛАРЫНЫН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ ЖАНА МЕКТЕПТЕ ОКУТУУНУН АЙРЫМ ЫКМА ЖОЛДОРУ

# ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ СТИХОВ ТОКТОГУЛА САТЫЛГАНОВА И НЕКОТОРЫЕ МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ В ШКОЛЕ

# THE EDUCATIONAL VALUE OF TOKTOGUL SATYLGANOV'S POEMS AND SOME METHODS OF TEACHING AT SCHOOL

***Аннотация:*** *Аталган макалада кыргыздын улуу сөз зергери Токтогул Сатылгановдун чыгармаларынын тарбиялык мааниси тууралуу талдоолор орун алган. Алгач ар кайсы окуу баскычындагы окуу программасына ылайык акындын чыгармаларынын берилиши, психологиялык, дидактикалык, илимий принципке ылайык чыгармалардын (поэма, санатнасыят жана үлгү ырлар ж.б.) тандалып алынышы, алгачкы кириш сабагында акындын өмүрп жолу менен тааныштыруу, кийинки сабактарда өтүлүүчү чыгармаларга обзор берүү, баштапкы класстардагы өтүлгөн темаларды эске салуу ж.б. маалыматтар монографиялык лекция формасында берүүнүн ийгиликтери талданат. Андан ары акындын чыгармачылыгын мезгилдерге бөлүү менен ар бир чыгарманы көркөм окуу ыкмасы аркылуу түшүндүрүү ыкмасын сунуштайт.*

***Аннотация:*** *В статье содержится анализ воспитательной ценности произведений великого кыргызского мастера слова Токтогула Сатылганова. Сначала изложение произведений поэта по программам разного уровня образования, подбор произведений (стихов, проповедей и образцов стихотворений и т. д.) по психологическому, дидактическому, научному принципу, знакомство с жизнью поэта в первую очередь. вводный урок, а также произведения, которые будут рассмотрены на следующих уроках, дающие обзор, напоминание тем, изучаемых в начальных классах, и т. д. Анализируется успешность подачи информации в форме монографической лекции. Далее, разделив творчество поэта на периоды, он предлагает метод объяснения каждого произведения через метод художественного чтения.*

***Annotation:*** *The article contains analyzes of the educational value of the works of the great Kyrgyz wordsmith Toktogul Satylganov. First, presentation of the poet's works according to the curriculum of different educational levels, selection of works (poems, sermons and sample poems, etc.) according to the psychological, didactic, scientific principle, introduction to the life of the poet in the first introductory lesson, and the works to be covered in the following lessons giving an overview, recalling topics covered in primary classes, etc. The success of the presentation of information in the form of a monographic lecture is analyzed. Further, by dividing the poet's work into periods, he offers a method of explaining each work through the method of artistic reading.*

***Ачкыч сөздөр****: окутуу, санат-насыят, монографиялык лекция, көркөм окуу, ыр, дидактика, метод, лекция, тарбиялык маани, кайталоо.*

***Ключевые слова:*** *обучение, обучение, монографическая лекция, художественное чтение, песня, дидактика, методика, лекция, воспитательная ценность, повторение.*

***Key words:*** *teaching, instruction, monographic lecture, artistic reading, song, didactics, method, lecture, educational value, repetition.*

Орто мектептерде акындардын чыгармачылыгын окутууга адабиятты окутуунун баскычтарында окуу программасына педагогикалык, психологиялык, дидактикалык жана илимий принциптин негизинде түрдүү тематикадагы ырлары тактап айтканда, поэмалары, санат-насыят жана үлгү ырлары ж.б. окуулуктарда орун алган.

Акындын лирикаларын окутууда мугалим, биринчиден окуучуларды акындын өмүр баяны менен тааныштырат. Өмүр баянын өтүүдө монографиялык лекциянын түрүн колдонот. Мугалим өзүнүн кириш аңгемесинде акындын аталган класста кандай ырлары өтүлөт, андан башка дагы кандай ырлары анын тематикасы, поэмалары, бар экенин атап өтүүгө тийиш.

Буга чейин Токтогул Сатылгановду канчанчы класста, кандай чыгармалары өтүлгөндүгүн окуучулардын эсине түшүрүү максатында суроо –жооп ыкмасын тактап айтканда, аңгемелешүү методун колдонуп иш жүргүзүү жакшы натыйжа берет. Айрым окуучулар акындын ырларынан жатка айтып беришет, анткени бешинчи, жетинчи класстарда өтүлгөн ырларды унутуп калышы мүмкүн эмес.

Мугалим акындын өмүрү, чыгармачылыгын өтүүдө кириш аңгемесинде болжолдуу түрдө төмөнкү маалыматтарга токтолуп өтсө окуучулар үчүн абдан маанилүү, мазмундуу маалымат берген болор эле.

Токтогул Сатылганов – төкмө акын, обончу, комузчу, дастанчы, ойчул болгон. Айылдаштарынын айтымына караганда жана адабий булактардан улам атасы Сатылган, энеси Бурма ырга шыктуу, күү жандуу адамдар болгондугунан кабардарбыз. Болочоктогу акын он үч жашынан ырдап, комуз черткен. Ал 15 жашка чыккандан тартып, айыл аралап ырдай баштайт. Токтогул – эки доордо өмүр сүрүп, чыгармачылыгын да ошол мезгилдик мерчемде улантып, ар кандай темадагы чыгармаларды жаратып, мезгил сыноосунан ийгиликтүү өткөн чоң талант: анын калтырган мурасы тематикалык жактан көп кырдуу. Демек, улуу акындын чыгармачылыгы эки доордун тарыхый окуялары менен социалдык абалын камтыган. Ошого карап, биз акындын жалпы чыгармачылыгын эки доорго бөлөбүз. Биринчисине акындын Октябрь төңкөрүшүнө чейинки мурасы, экинчисине андан кийинки ырлары кирет.

«Тар жол, тайгак кечүүдөн» улам мүдүрүлүп, кайра туруп, не бир азап-тозоктордон өтүп, бирок мүңкүрөп калбай үмүттүү өмүр улаган инсандын чыгармалары, албетте, ар кандай тарыхый окуяларга күбө болуунун далили катары каралышы керек. Токтогулдун чыгармачылыгын изилдеген адабиятчылардын пикири боюнча акындын жалпы чыгармачылыгы эки доорго, төрт мезгилге бөлүп кароону талап кылат.

1. Акындын чыгармачылыгынын алгачкы мезгили.
2. Айдоого чейинки мезгил.
3. Сүргүндө жүргөндөгү чыгармачылыгы.
4. Элине келгендеги жана Октябрь төңкөрүшүнөн кийинки мезгил.

Мындай бөлүштүрүү акындын өмүр жолуна, ырларынын тематикалык багытына жана алардын жаралыш мезгилине карап жасалды.

Эл адамы катары Токтогулдун өмүрү элдин турмушу менен бирге каралат. Акындын чыгармачылыгында эл турмушунун чагылдырылышы, демек, акындын

өз турмушунун көркөм чагылдырылышы дегендик. 1882-жылы Токтогул Дыйканбай манаптын ырчысы Арзымат менен беттешип аны жеңет. Ошондон тартып акын элге таанылып, атагы чыга баштайт. Бул жылдары Токтогулдун ырларында алдыңкы демократиялык идеялардын камтылып, аздап өнүгө баштаганын байкоого болот. Атүгүл, бай-манаптар акынды өздүк ырчысы кылып алууга аракеттерин да жасашкан. Бирок алардын оюна көнбөгөндөн кийин Бактияр баш болгон бийболуштар «Токтогул Анжиян көтөрүлүшүнө катышкан» деген жалган жалаа менен 1898-жылы акынды каматышат. Ошол мезгилдеги убактылуу согуштук сот Токтогулду адегенде өлүм жазасына буйрук чыгарып, кийинчерээк ал жети жылдык сүргүн жумушу менен алмаштырат. Бул аралыктагы башынан өткөргөн оор кырдаал акынды басынтып коё алган эмес, тескерисинче, акынды чыйралтып, турмушка жашоого болгон көз карашын терең калыптандырган десек болот.

Жогоруда Токтогулдун жалпы чыгармачылыгын төрт мезгилге бөлдүк эле. Ошонун экинчи мезгили акын туткунга алынган учурдан, тактап айтсак, 1898-жылдын жай айларынан башталат. Эгер буга чейин акын «Беш каман» жана башка ырларында эзүүчүлөр менен эзилгендердин ортосундагы келишпес күрөштү, карапайым калктын оор абалын баяндаса, эми туткунга алынган мезгилден баштап Токтогулдун чыгармачылыгында мазмун жагынан да, тематикалык жактан да айрым өзгөрүүлөр болгон. Айрым маалыматтардан белгилүү болгондой, Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү эзилген эл жети ата менен бир ата болуп бөлүнүп, Рыскулбектин балдарына каршы көтөрүлүп, бир нече жолу чабыш болгон соң, «калың эл колуна курал алып, Анжиянга басып киргени жатат, тез аскер жибергиле» деп манаптар Наманган гарнизонунан аскер сурашат. Куралданган алтымыштан ашык аскер келип, 1898жылдын 11-июнунда Кетмен-Төбөдөн көп адамды кармап кетет. Алардын ичинде Токтогул да бар эле. Акын: «жамандыгын ырдайм деп, жазыктуу болдум манапка» деген сөзүн бекеринен айткан эмес. Мындай ойду ал «Беш каман», «Арзыматка», «Папы калпа», «Үйчүлүк эшен» жана башка ырларында айткан. Өзү айткандай ак жерден күнөөлүү болуп, сүргүнгө айдалып кетээрде «Кош, апаке» деп энесине, «Кош, элим» деп журтуна кайрылат.

Сегизинчи класста кыргыз адабиятын окутуунун программасына ылайык Токтогулдун
«Кош, апаке», «Айланган тоонун бүркүтү», « Эңсеген элим, аманбы», «Жаштарга», «Эшмамбет менен учурашуу», «Гүлдөп ал», «Дүнүйө», «Алымкан», «Өмүр», «Карылык», «Өлүм алдында ырдаганы» ырлары жана «Кедейкан» поэмасы өтүлөт.

Т.Сатылгановдун санат, насаат ырлары. Терең чебердиги менен айырмаланган Токтогулдун балдарга арналган дидактикалык чыгармаларында санат менен насыяттары, терме, үлгү ырлары орун алат. Анын «Насыят», «Санат», «Нускалуу ырлар», «Терме», «Эмне кызык», «Гүлдөп ал», «Түз жолуңдан чыкпагын», «Жыргалы сендик дүйнөнүн» ж.б. буга мисал болот.

Дениң соодо эринбей,
Бекерликке берилбей,
Эркиң менен жумуш кыл
Эринчээк, жалкоо,
дедирбей. Эрдин күчү
- сом темир,  Эритүүгө
эр керек.

Эч оокатың
болбосо, Эгин
айдар жер
керек.
Эр жигиттин
белгиси-
Эпчил болот
термелеп, Өз
колуңда
болбосо, -
Өлдүм десең,
ким берет.
Күчүң барда
иштеп көн,
Күлүп жайнап, эр жигит,
Күнүмдүктү ойлобой,
Кулак байлап жер жибит, [7, 46] – деп адамгерчиликти, чындыкты,

ак ниеттикти, достукту, жолдоштукту, эмгекчилдикти, эрдик жана баатырдыкты даңазалап, ак көңүл, жөнөкөй, чынчыл, акыйкатчыл, өнөр ээси болууга үндөп, ушакчы, кытмыр, наадандык, көйрөңдүк, мактанчаактыктан алыс болуусуна чакыруу менен жаш муундарды тарбиялоого багыттайт. Токтогулдун мындай чыгармалары балдарга жакшыны жамандан айырмалатып, рухий бийиктиктин эң сонун үлгүлөрүн берет, Ынтымакка, достукка чакырган бул дидактикалык идеяларды акындын сатиралык жана башка чыгармаларынан да кездештирүүгө болот. Элдик оозеки чыгармачылык - балдар адабиятынын өнүгүп чыгуусунун булагы. Бешик ырларынан тартып кара сөз, ыр менен айтылган терең мазмундуу, тарбиялык мааниси күчтүү, тематикасы ар түрдүү чыгармалар, кыргыз элинин угуттуу мурастары балдар адабиятынан орун алган. Чыгармачылыктын башка түрүнөн айырмаланган бул өнөрканада Т.Сатылганов салмактуу экенин далилдейт. Улуу педагогдордой эле балага тарбияны жаш курагына карата бериш керек дейт да ары көркөм, ары чеберчиликте ачып берет: Боз карчыга боодо ойнойт,

Болумдуу балдар
жоодо ойнойт
Болуму жок, шыгы
жок Аш талашып,
үйдө ойнойт.
Көгүчкөн көлдө
ойнойт, Көлөкөсү
жерде ойнойт.
Көөдөнү жок, шыгы жок,
Үйдө жатып, үйдө ойнойт, [7, 106] - деп нускалуу ойлорун
таасын айтат.

Токтогул нускоочу акын катары санат, насыят, терме, үлгү ырларынын формасын, ыкмасын пайдаланат. Акын жаштарга ар кандай акыл-насааттарын айтып келип: «Жаш кезиңден кызмат кыл, Баркынды билген элиңе. Душманыңа алданып, Элиңдин сырын сатпагын.

Бет алган жоодон качпастан,
Ишеничти актагын». [7, 16]

Албетте, жаштарга «андай жүрбөй мындай жүр, тигиндей бол, мындай бол» деген кепкеңештерди берип салыш – кимдин эле колунан келер иш, бирок ошондой айтаар нускалуу кепти ирээти менен ылгап, тизмектүү ыр саптарына кынап көркөмдөп, таасирдүү кылып айтып берүү – Токтогул сыяктуу даанышман инсандардын гана колунан келчү жумуш. Анын ырларынын мазмунунда элибиздин эчен кылым бою топтогон акылмандыгы, философиясы уюп жатат. Бул жаатта өзүнчө эле бир философиялык, адабияттаануучулук илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө болот. Биз өз баяндамабызда залкар акындын «Насыят» аттуу чыгармасынын баалуулуктук мазмунуна кыскача талдоо жасайбыз. Аталган ыр башынан аягына чейин жаштарга акыл-насаат мүнөзүндө курулган. Анда берилген негизги ой эч качан эскирбей турган адам баалуулугуна – эмгекке байланышкан. Кеп болуп жаткан чыгарманын башкы саптарынан эле мына ушуну байкай алабыз:

«Дениң соодо эринбей,
Бекерликке
берилбей, Эркиң
менен жумуш кыл
«Эринчээк,
жалкоо» дедирбей.

Бул жерде Т.Сатылганов баарыдан мурда эмгек баалуулугун астыңкы планга чыгарганы ачык-айкын болуп турат.

Жардылык, байлык кимде жок,
«Жардысың» - деп демитпе,
Жамандашып, эр жигит,
Бириңди-бириң кемитпе! [7, 19] – деген
ыр саптарында акындын аруулук асыл сапаты, адамгерчилик бийиктиги албетте,
окуучуларды инсан болуп калыптануусунда
таасири зор. Аз өмүрдүн ичинде
Амандашкын күнүгө. Өлбөгөнгө
табылат Аздыр, көптүр дүнүйө.

Кара ниет адамдын Каадасы калбайт карганча,
Өткөн өөнү билинбейт,
Өлөр күнгө барганча. [7, 63]

Токтогулдун жогорудагы ыр саптарын талдап окутууда мугалимден кылдат чеберчилик талап кылынат. Анткени асты сызылган ыр саптары окуучуну түркүн ой толгоолорго салышы мүмкүн.

Адамзаттын акылы ашып-ташкан ойчулдары илгертеден киши баласына таандык баалуулуктардын тегерегинде ой жүгүртүп келишкен. Алсак, XIX кылымдын башында, 1800жылы, немис ойчулу Иоганн Готлиб Фихте минтип жазган: «Өмүрдөн башка эч нерсе шартсыз баалуулукка жана мааниге ээ болбойт; ар кандай башка ой жүгүртүү, чыгармачылык жана билим ал кандайдыр бир түрдө жандууга тийиштүү болгондуктан, андан келип чыккандыктан жана кайта ага жуурулууга умтулгандыктан гана баалуулукка ээ болот». Демек, жашоо эң жогорку баалуулук. Ал эми татыктуу жашоо үчүн эмгек этүү зарыл.

Кыргыз эли эзелтен эле «Эр эмгегин жер жебейт» деп, эмгек баалуулугуна зор маани берген. Мына ушул салттуу акылмандыкты Т.Сатылганов да уланткан. Күчүң барда иштеп көн, Күлүп, жайнап, эр жигит.

Күнүмдүктү ойлобой,

Кулак байлап, жер жибит. [7, 32]

Бул акыл-насаат азыркы заманда да актуалдуу бойдон калууда. Азыр басымдуу жаштар керектөөчүлүк психологиянын кулу болуп, түбөлүгүн ойлобой, жалаң гана соода-сатык менен оокат кылабыз деген жеңил ойго жетеленип кетишкени жашыруун эмес. Билим-илим улам өсүп отурган бүгүнкү күндө дыйканчылыкты деле, малчылыкты деле алдыңкы технологияларга таянуу менен жүргүзсө, майнабы өтө жакшы болоорун республикабыздын ар кайсы аймактарынын өкүлдөрү өз эмгеги менен далилдеп жатышат. Демек, «күнүмдүктү ойлобой» ак эмгектен баар табууну ойлогонубуз жөн. Дагы бир немис ойчулу Георг Вильгельм Фридрих Гегель өткөн доордо эле минтип эскертиптир: «Адам тери жана адам эмгеги адам үчүн анын керектөөлөрүн канааттандыруу каражаттарын табышат» [4, 123]. Адамдын керектөөлөрү болсо чексиз. Алар улам формасын өзгөртүп, улам көбөйүп келет. Байыркы доорлордо адамга курсагын тойгузуу гана башкы керектөө болсо, бүгүн түрдүү техникалык жабдуулар зарыл. Азыр адам баласы өзүнүн жашоосун жаңы маалыматтык технологияларсыз (компьютер, уюлдук телефон, смартфон ж.б.), тиричилик техникаларысыз, автоунаасыз элестете албайт. Бирок маанилүү жагдай – адамга эмне гана керек болбосун, анын баарын адамдын маңдай тери менен ак эмгеги табат. Биз атаган, пикирлерин эске алган немис ойчулдары да Токтогул өңдүү XIX кылымда жашап өтүшкөн. Эми алардын терең философиялык ойлорунун карапайым кыргыз акынынын чыгармасына укмуштуудай үндөшүп турганындай. Демек, Т.Сатылганов өз ырларында терең философиялуу ойлорду айтканы анык болуп турбайбы?! Кайрадан акындын ыр саптарына кезек берели: Жакшы азамат түрдөнүп, Жалбырттаган жалындай. Өзүн өзү асырайт,

Уурулукка малынбай,

Уятын ойлоп ар убак,

Ушак сөзгө чалынбай [7,42]

Элибизде «Укпайт деп ушак айтпа, билбейт деп ууру кылба» деген макал бар. Бул кыргыз элинин түптүү даанышмандыгынын, элдик философиясынын туу чокусуна барабар *аксиома.* Дал ушул маани акындын ырынын биз жогоруда келтирген үзүндүсүндө да камтылып жатат. Негизи адам баалуулуктары киши баласынын баарына бирдей таандык болууга тийиш. Биз кеп кылып жаткан эмгек баалуулугу – жалпы адамзаттык баалуулук. Муну Т.Сатылганов жаземдебей түшүнүп, күчү ашып-ташып турган жаштарды ак эмгекке үндөйт: Эгин айдап, чөбүң чап Эмгегиңден пайда тап.

Азамат болсоң, ак иштеп,

Уздыр-көптүр малың бак! [7, 14]

Туура, адеп-аклагы бийик коомдо дал ушундай болууга тийиш. Биздин турмушта деле коомдун байлыгын эмгекчил адамдар жаратып жатышат. Дулдул акын Т.Сатылганов дал ушундай митечиликтен оолак болууга чакырат: Малы бар деп бирөөнүн Байлыгына суктанба.

Ачуулу болуп, эр жигит,

Аксымдыкка бут малба,

Көпкөндүккө жеңдирип,

Көрүнгөнгө мактанба. [7, 38]

Улуу акын Токтогулдун акын-педагог экенине анын бир топ мурастары күбө. Мындан сырткары шакирт күтүп, аны эл алдына татыктуу акын катары таанытуу үчүн да улуу устат бардык мүмкүнчүлүгүн аябастан жол көрсөткөн. Акындын мына бул асыл сапаттарын окумуштуу, адабиятчы К.Артыкбаев өзүнүн ак таңдай төкмө акын Калык Акиевдин чыгармачылык эволюциясына арналган «Устаттыктын улуу бийиктиги» деген макаласында кеңири баяндап өткөн. Калык Акиевдин акындык өнөрүн жаңы бийиктикке көкөлөтүп алып чыккан окуя Токтогул Сатылганов менен болгон кездешүүсү экен. Бир жыйында Токтогулга малай жүргөн ырчы бала бар экенин айтышат. Ошондо Токтогул дароо эле минтип ырдаган экен:

Көргөзгүлө

көзүмө,

Ыраазы

болсун

сөзүмө.

Чала болсо

өнөрү, Ыр

үйрөтөм

өзүнө.

Ырчы болчу

балабы? Менден

үлгү алабы?

Оюнда болсо акындык

Орундайт түпкү талабы. [7, 29]

Ошол күндөн баштап жаш ырчыны ар дайым өзү менен ээрчитип, далай жерди кыдырып, ырдашып, акындык өнөрдүн далай сырларын ага үйрөтөт. Экинчиден, ырчылык өнөр жеке бир адамдын эмес, жалпы элдин кастарлай турган маданий кенчи болгондуктан, анын мазмунун, маңызын элдин мүдөөсү менен ой-санаасы, келечек үмүтү менен күрөшү түзө тургандыгын башкы негиз кылып алууну улуу устат шакиртинин эсине бекем куят. Үчүнчүдөн, «баш кесмек бар, тил кесмек жок» дегендей, кандай кыйынчылык башка түшсө да, чындыкты гана айтуу ырчынын башындагы негизги парз экендигин, калп сөз убактылуу салтанат курса да түбүнө эл тарабынан жектелип жокко чыгып кала тургандыгын Калыктын жадына биротоло куят. Оо, балам Калык, тилимди ал, Акыл айтам, кулак сал: «Жакырмын деп» зарлаба. Аздыр-көптүр, бирөөнүн, Дүнүйөсүн алдаба.

Ууру, бузук, митайым,

Жалганчыны жандаба. [7, 65]

Саяпкер күлүктү акырындык, чыдамдуулук менен тапка келтиргендей, Токтогул да Калыкты чоң жарышка дароо сала койбой, алды менен ар тараптан жетилтип, анан эми чоң жыйындарга чыгып салабаттуулук менен ырдай алат деп толук ишенгенден кийин гана ага ак батасын берген. Устаттын шакиртине карата мындай мамилеси кайсыл мезгил болбосун педагогиканын принциптерине ылайыктуу экендигин жана Токтогулдун улуу педагог экендигин дагы бир жолу айгинелейт. Ак таңдай акын Токтогул Сатылгановдун насаат ырларындагы өтө күчтүү коюлган адеп-ахлак (нравалык) темалары ооздон-оозго оңой тараган.

«Жамандашып, эр жигит, бириңди бириң кемитпе», «Туура сүйлөп, түз жүрсөң кадырың болот калкыңа», «Мурунку жаман ишинди кийинки жерде таштагын», «Адам болсоң туура жүр, кылт этип кыйшык баспагын», «Жолобо, балдар зыянга, күнүмдүк ишке кубанба» деген нуска ойлору менен жаш өспүрүм балдарды, тестиерлерди чыныгы адам болууга, адептүүлүккө үндөп, ыплас иштерден алыс болууга чакырат. Бул жагынан да алып караганда акындын мурастары балдар адабиятында, жалпы эле педагогикада опол тоодой орду бар чыгармалар.

Аталган ырларды, дегеле лирикалык чыгармаларды окутууда алгач мугалим өзү ырдын текстин көркөм окуп бергени оң. Анткени методикалык жактан алып караганда ыр көркөм окулмайын мааниси, мазмуну жеткилең ачылбайт.

Ыр качан гана көркөм окулганда гана окуучулардын жан дүйнөсүнө өзгөчө таасир этиши турган иш. Андыктан мугалим лирикалык чыгармаларды канчанчы класста өтүлөрүнө карабай дайыма үлгү катары көркөм окуп берүүгө тийиш.

Лирикалык чыгармалардын кээ бир өзгөчөлүктөрүнө, аны окутууда ошол өзгөчөлүктү билүүнүн кандай мааниси бар экендиги жөнүндө методист Бек Алымов төмөнкүлөрдү эсептейт:

1. Лирикалык чыгармалар үчүн романдагыдай же драмадагыдай окуя катышкан, аракеткыймылдагы образ, каармандын жоктугу мүнөздүү. Эпикалык жана драмалык чыгармалардын идеясы образ-каармандардын аракет кыймылы аркылуу чечилет, эпосту, драманы анализдөөдө алар өзгөчө орунду ээлейт. Ал эми лирикада көбүнчө кыймыл-аракет, окуя көрсөтүлбөстөн, каармандын ички сезим, ой, көңүл жайы мүнөздөлөт. Катышуучу каармандын ордуна лирикалык чыгармада бир нерсе жөнүндө ойлонгон, ички сезимин, кайгыкубанычын өз атынан билдирген адам пайда болот. Адабият теориясында мындай адам «лирикалык карман» деген ат менен белгилүү.

2. Лирикалык чыгарманын экинчи өзгөчөлүгү, бөлөк жанрга караганда, анда сөз өзгөчө мааниге ээ. Анын табияты көп сөздүүлүктү көтөрө албайт, анда аз эле сөздөр, образдар менен жогорку сезим берилет. Чубалжыган сөз болбой, адам сезими гана комментарийленет.

3. Методикалык жумушта лирикалык чыгарманын үчүнчү өзгөчөлүгүн билүү өтө маанилүү. Анын үчүнчү өзгөчөлүгү өзүнүн көркөмдүк формасы боюнча лирикалык ырлардын музыкалык чыгармаларга жакындыгында.

Албетте, бардык эле лирикалык ырларга ушул үч өзгөчөлүк тең мүнөздүү эмес. Үчүнчү өзгөчөлүк көбүнчө сүйүү жана пейзаждык лирикаларга таандык. Лирикалык ырлардын табияты автордон сөздөрдү, сөз түрмөктөрүн туура үнөмдөөнү, кыскалыкты талап кылат. Ошондуктан лирикалык ырларда ар бир сөз, ар бир образ мектеп окуучусу анчалык түшүнө албаган чоң маани-мазмунду камтыйт.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Алымов Б. Биздин адабиятты 7-класста окутуу. – Фрунзе, 1983.
2. Байгазиев С. Окутуунун интерактивдик методу. – Бишкек, 2004.
3. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. – Фрунзе, 1976.
4. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятынын окуу программаларынын мазмуну жана проблемалары. – Бишкек, 2010. – 168 б.
5. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. [Текст] / Түзг.: Ж.Шериев, А.Муратов. – Бишкек: КЭнин башкы ред., –1994, – 169 б.

6. Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы: /Редкол.: О.Султанов, Түзгөн: Ж.Таштемиров. I I том – Фрунзе: “Адабият”, – 1989, - 264 б.
7. Муратов А. Кыргыз адабия предметинин куррикулуму // Кут билим, 2009, 7-май.
8. Оторбаев Б. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу. – Бишкек, 2010, - 96 б.
9. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкерттүү табияты [Текст] / А.Обозканов – Бишкек: «Шам», – 2006. – 264 б.